| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XI СЕССИЯСЫНЫН**

**ТОКТОМ №10**

**10-октябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

Багыш айыл өкмөтүнүн Октябрь айылында
Б.Калдыбаев көчөсүнүн №24 дарегинде жайгашкан
744,96 чарчы метр жер аянтты муниципалдык
менчикке алуу жөнүндө

Кыргыз республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамын, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 16-сентябрындагы 01-26/2010 сандуу «Багыш айыл өкмөтүнүн Октябрь айылындагы Б.Калдыбаев көчөсүнүн №24 дареги боюнча жайгашкан маданият үйүн 744.96 чарчы метр жер аянты, көз карандысыз баалоочунун корутундусунда көрсөтүлгөндөй 8 677 000 сомдук обьекти Кырбашев Нурмухан Муктарбекович өз каалоосу менен Багыш айыл өкмөтүнүн карамагына өткөрүп бергендигине байланыштуу, Багыш айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алып берүү жөнүндөгү» кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап Багыш айылдык кеңешинин кезексиз XI сессиясы токтом кылат:

1. Багыш айыл өкмөтүнүн Октябрь айылынын Ленин көчөсүнүн №24 дарегинде жайгашкан баасы 8 677 000 сомдук 744,96 чарчы метр жер аянтты муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**